**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д 13.11.023 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда

**УДК: 371:371.3(575.2)(043.3)**

**Шентүрк Сулейман**

# ИННОВАЦИЯЛЫК МЕКТЕПТЕРДЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2012**

Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунда аткарылды

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Бабаев Дөөлөтбай Бабаевич**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, доцент **Каниметов Жанкороз Каниметович**

педагогика илимдеринин кандидаты, доцент **Иманкулова Эркин Токтогуловна**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасы, дареги: 722200, Каракол ш., Абдрахманов к., 103.

Диссертация 2012-жылдын 3-февралында саат 15.00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 13.11.023 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720026, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү, 51.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот, дареги:

Автореферат 2011-жылдын 30-декабрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы
педагогика илимдеринин доктору,
доцент Чоров М.Ж.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Азыркы коомдогу социалдык жана экономикалык кайра түзүү, сапаттуулукка карай өзгөрүү шарттары терең билимдери менен бирге турмуштук ар кандай кырдаалдардагы проблемаларды өз алдынча, жаңыча, чыгармачылык менен чечүүгө жөндөмдүү болгон инсандарга муктаж. Буга байланыштуу «Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү мыйзамында» зээндүү балдардын чыгармачылыгын өстүрүү үчүн шарт түзүү жана ЮНЕСКОнун «Тынчтык духунда тарбиялоо» аттуу документинде билим берүүнүн негизги максаты баланын шыгын, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү жана чыгармачыл инсанды калыптандыруу деп белгиленген.

Бул маселеге байланыштуу билим берүү системасынын негизги багыттарынын бири катары эркин тандоонун негизинде жөндөмдүү балдарды окутуу максатында, 1990-жылдан баштап Кыргыз Республикасында инновациялык гимназия-мектептер жана лицейлер түзүлө баштады. Алардын катарынан «Себат» кыргыз-түрк билим берүү мекемелеринин алкагындагы профилдик окутууга багытталган лицейлер орун алды.

Анткени, профилдик окутуунун негизги максаты – окутууну дифференцирлөөнүн жана индивидуалдаштыруунун негизинде инсандын керектөөсүнө ылайык окуучулардын кызыкчылыктары менен ынтызарлыгын эске алып, билим берүү процессинин структурасын, мазмунун жана уюштуруу формасын өзгөртүү. Ошондой эле, окуучулардын келечекте кесипти туура тандап алууга, кызыгууларына жана окуу тарбия ишин максаттуу уюштурууга жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу болуп саналат.

Кыргызстандагы билим берүү системасынын негизги багыттарында белгиленгендей ар бир баланы инсандык жактан калыптандырууда сапаттуу билим алууга багытталган бир кыйла ыңгайлуу шарттар түзүлүүдө. Профилдик окутуу баланын өзүн-өзү жана курчап турган чөйрөнү байкап, таанып билүүсүн камсыз кылат. Өзүнүн шык-жөндөмүн жана бүткүл чыгармачылык потенциалын ачып берүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Инсандын чыгармачылыгын инновациялык мектептердин иш практикасында өнүктүрүү маселесинин айрым аспектилери Россиялык окумуштуулар В.К.Андреев, В.С.Библер, В.Л.Караковский, Г.Л.Каспаржак, С.Ю.Курганов, А.Н.Лубельский ж.б. эмгектеринде чагылдырылган.

Ал эми окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө арналган илимий изилдөөлөр физика предмети боюнча В.Г.Разумовский, математикадан В.А.Крутецкий, химиядан Ю.В.Ходакова ж.б. тарабынан жүргүзүлгөн.

Кыргызстанда түрдүү предметтерди окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө арналган илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Алсак, математиканы окутуу процессинде окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү И.Б.Бекбоев, предметтер аралык байланыштарды ишке ашырып, окутууда окуучулардын табигый илимий түшүнүктөрүн калыптандыруу Э.М.Мамбетакунов, стандарттуу эмес маселелерди чыгарууда окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүү А.А.Касымов, геометрияны чийүү предмети менен айкалыштырып окутууда конструктордук ой жүгүртүүлөрүн калыптандыруу Б.А.Касымбаев ж.б. тарабынан изилденген. Башталгыч класстарда окуп-таанып билүү ишмердүүлүктөрүн калыптандыруу Н.И.Ибраеванын, адабий окутууда окурмандык жана чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүү А.Т.Токтомамбетовдун ж.б. диссертацияларында изилденген. Биологияны окутууда чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү М.А.Сатыбекованын, жаңы типтеги мектептерде физиканы окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү технологиясы А.Э.Байсеркеевдин ж.б. диссертациялык изилдөөлөрүндө каралган.

Бирок бул изилдөөлөр профилдик окутуунун шартында гуманитардык предметтерди окутуу процессинде зээндүү окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган эмес.

Изилдөөлөрдө окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү проблемасын чечүүнүн белгилүү бир өбөлгөлөрү болгондугуна карабастан, практикада окуучулардын гуманитардык предметтер боюнча билимдери белгилүү деңгээлде төмөн. Бул инновациялык мектептерде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча системалуу иштин аткарылбай жаткандыгы менен түшүндүрүлүп, алар изилдөөлөрдө такталды.

Ошондой эле, педагогикалык тажрыйбаларды анализдөөдө өлкөдөгү билим берүү системасынын реалдуу талаптарга ылайык келбеген жана азыркы практикада орун алган төмөнкүдөй бир катар карама-каршылыктары бар экендигин көрсөттү, алар:

- бүгүнкү күндө мектеп бүтүрүүчүсүнүн билим сапатына коюлган талаптар менен көпчүлүк окуучулардын чыгармачылык

жөндөмдүүлүктөрүнүн төмөндүгүнүн ортосундагы карама-каршылыктар;

- профилдик окутуунун мазмуну менен мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана аларды аткаруу боюнча коюлган талаптардын ортосундагы карама-каршылыктар.

Ошондуктан, профилдик окутууда гуманитардык билим берүү аркылуу окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн илимий-методикалык шарттарын, окуучунун чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн аныктоо проблемасы атайын илимий изилдөөнү талап кылат. Ошондой эле, профилдик окутуунун шартында инновациялык мектептерде гуманитардык предметтерди окутуу процессинде атайын методикаларга жана практикалык тажрыйбаларга таянып, окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө коюлуучу талаптарды, аны аткаруунун шарттарын жана уюштуруу технологиясын түзүүнүн зарылдыгы аныкталды. Бул изилдөөнүн актуалдуулугун тастыктап, «Инновациялык мектептерде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү» деген илимий теманы тандап алууга негиз болду.

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин курамындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун илимий изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланышат.

**Изилдөөнүн максаты:** инновациялык мектептерде гуманитардык предметтерди окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү технологиясын иштеп чыгуу жана аларды иш жүзүнө ашыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо, алардын натыйжаларын мектеп практикасына киргизүү болуп, аны ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлат:

- инновациялык мектептерде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн учурдагы абалын талдоо;
- гуманитардык предметтерди окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын жана методикалык каражаттарын аныктоо;
- окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн мазмунун, критерийлерин жана деңгээлдерин тактоо;
- иштелип чыккан технологиянын, методикалык сунуштардын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана жыйынтыктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн мазмуну, мыйзам ченемдүүлүктөрү, аларды уюштуруудагы кемчиликтердин мүнөзү, себептери аныкталды;

- инновациялык мектептерде гуманитардык предметтерди окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү процессин камсыз кылуучу педагогикалык шарттар иштелип чыгылды;

- инсанга багытталган мамилелерге негизделген окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн деңгээлдери аныкталды;

- окуучу менен үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара мамилесинин микроклиматы, кесипке багытталган жана анын социалдык суроо-талаптарына шайкеш келген принциптерге негизделген окуу-тарбия процессин уюштуруунун формалары, каражаттары иштелип чыгылды жана эксперименталдык жол менен текшерилди.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** Изилдөөнүн практикалык жыйынтыктарын жана автордун жетекчилиги менен “Себат” билим берүү мекемесинин кыргыз-түрк лицейлери тарабынан түзүлгөн олимпиадаларга, ЖОЖдорго, кесипке багыттаган жумушчу программаларды, кошумча материалдарды, окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча методикалык сунуштарды жалпы билим берүүчү мектептердин, гимназиялардын жана лицейлердин окуу-тарбия процессинде пайдаланууга болот. Изилдөөнүн материалдарын педагогикалык ЖОЖдордун студенттери үчүн атайын курстарды иштеп чыгууда, педагогдордун квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо курстарын уюштурууда, мектепте жана үй-бүлөдө кесипке багыт берүү практикасында колдонууга болот.

**Диссертацияда коргоого коюлган негизги жоболор:**

- гуманитардык предметтерди окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү процессинин педагогикалык шарттары;

- профилдик багыттагы гуманитардык предметтерди окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн модели;

- профилдик багыттагы инновациялык мектептерде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн технологиясы;

- окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүк деңгээлин аныктоонун жана баалоонун талаптары жана педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары.

**Изденүүчүнүн илимге кошкон жеке салымы:**

Кыргыз Республикасындагы профилдик окутуу багытындагы кээ бир билим берүү мекемелеринин окуу-тарбия процесстери менен кыргыз-түрк лицейлериндеги билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү салыштырылды. Кыргыз-түрк лицейлеринде окуп жаткан окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн аныктоонун педагогикалык шарттары, аны баалоонун талаптары сунушталып, окуу процессине киргизилди. Мугалимдер үчүн семинарлар, тегерек столдор уюштурулуп, методикалык колдонмолор даярдалды. Изилдөөчү эл аралык «Себат» билим берүү мекемесинин өнүгүү программаларын жана концепцияларын өркүндөтүүгө өзүнүн салымын кошту.

**Изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо):**

Изилдөөнүн натыйжалары аймактык, республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда (2008-2010) баяндалды. Аткарылган иштин натыйжалары эксперименталдык лицейлердин жана гимназия-мектептердин практикасында колдонулду.

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Бишкек шаарындагы Ч.Айтматов атындагы кыргыз-түрк лицейи, Айчүрөк атындагы кыргыз-түрк кыздар лицейи жана Ош шаарындагы №6, №18 гимназия-мектептери, кыргыз-түрк «Себат»кыздар жана «Сема»лицейлери алынды. Жалпысынан тажрыйба-сынактык изилдөө процессине 500 дөн ашык окуучу, 220 ата-эне жана 41 мугалим катышты. Изилдөө үч этапта ишке ашырылды:

*Биринчи этап* (2005-2007) – инновациялык мектептердин окуу пландары жана пограммалары, илимий-педагогикалык жана методикалык адабияттары окуп үйрөнүлдү. Изилдөөнүн темасы боюнча илимий проблеманы үйрөнүү жана анализдөө, инновациялык мектептерде гуманитардык предметтерди окутууда окуучулардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн мүмкүн болгон педагогикалык шарттарын аныктоо боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү. Изилдөөнүн методологиялык негиздери, максаттары жана ага жетүүнүн жумушчу божомолу (гипотезасы) аныкталды.

*Экинчи этап* (2007-2009) – инновациялык мектептерде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү программалары, атайын курстар, жоболор, талаптар аныкталды. Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берүүчү шарттар менен технологиялар иштелип чыгылды. Алардын комплексинин натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жүргүзүлдү.

*Үчүнчү этап* (2009-2011) – эксперименттин жыйынтыктары боюнча мурда иштелип чыккан айрым жоболорго түзөтүүлөр киргизилди. Диссертациялык материалдын үстүндө иштөөнү улантуу, калыптандыруучу эксперименттин маалыматтарынын аныктыгы, ишенимдүүлүгү текшерилип, изилдөөдө берилген сунуштар практикага киргизилип, изилдөөнүн жыйынтыктары жалпыланды.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын жарыяланган эмгектер аркылуу чагылдыруунун толуктугу:**

Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары 11 илимий макалада, 1 окуу-методикалык куралында чагылдырылды.

**Илимий иштин түзүлүшү:** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизи тууралуу түшүнүк берген киришүүдөн, үч главадан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан турат. Баары -156 бет компьютердик тексттен турат. Колдонулган адабияттардын тизмеси (187), тиркемелер (7).

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациялык изилдөөнүн «**Инновациялык мектептерде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык негиздери**» деп аталган **биринчи главасында** инновациялык мектептердин шартында окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн шарттары аныкталган.

Бул главада кыргыз-түрк лицейлеринин жалпы билим берүүчү мектептерге караганда өзгөчөлүгү жана окуучунун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө шарт түзүлүшү изилденди.

Лицейлик билим берүү мурдагы советтик жалпы билим берүүчү мектептерге караганда айырмаланат. Алсак, жалпы орто билим берүүнүн бир бөлүгү болуп саналган лицейлер Кыргызстанда эгемендүүлүк жылдарында негизинен чет элдик билим тармактарынын таасиринен улам ачылды. Лицейлер билим берүү мыйзамына ылайык окуучулардын чыгармачылыгынын өнүгүүсү үчүн бардык шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат, аларга окутуунун гуманисттик жана илимий-интеллектуалдык багыттарынын айкалышуусу мүнөздүү. Бул окутуунун профилин тандоого мүмкүнчүлүк берет жана анын жүрүшүндө окуучулар атайын, предметтик билимдерди алышат.

Лицейлик билим берүүдө «Себат» кыргыз-түрк лицейлеринин төмөндөгүдөй **өзгөчөлүктөрү** бар. Алар:

- кыргыз-түрк лицейлерине окуучулар 7-класска тандоо жолу менен кабыл алынат;
- окуучулар лицейге кабыл алынган биринчи жылы тилдик даярдыктан өтүшөт;

- табийгый-математикалык предметтер англис тилинде, дүйнөлүк алдыңкы тажрыйбага ээ болгон мектептердин системасында, алардын окуу-методикалык комплекстерин пайдалануу менен үйрөтүлөт;
- окуучулар көп тилдерди (англис, орус, түрк, кыргыз) билүүгө көнүгүшөт жана алардын диалогу көп тилдүүлүккө негизделет;
- уландар өзүнчө, кыздар өзүнчө башка-башка лицейлерде окушат;
- окуучулардын сабактарды өздөштүрүүсү чейректик тестирлөө аркылуу ишке ашырылып, алар атайын сайтка киргизилет.

Окутуу процессинде жаңы компьютердик технологиялар, спутниктик жана интернеттик байланыштар кеңири колдонулат. Бүтүрүүчүлөргө информатика боюнча атайын сертификаттар тапшырылат. Өзгөчө зээндүү, бул же тигил предметке кызыккан талантуу балдар менен иштөө оң жолго коюлуп, аларга атайын консультациялар уюштурулган. Ал эми олимпиадачыларды даярдоочу жайкы мектеп иштейт. Окуучулар акы төлөп окушат, эгер алардын сабактарды өздөштүрүүсү жогору болсо акы төлөөдөн толук, же жарым-жартылай бошотулат.

Кыргыз-түрк лицейлерине 7-класста кошулган окуучулар ар түрдүү аймактардан, ар түрдүү мектептерден келгендиктен алар менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү келип чыгат. Кыргыз-түрк лицейлеринин окуучулардын чыгармарчылык жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсүнө ыңгайлуу шарт түзүүчү чөйрө катары аткарып жаткан иштерин белгилөөгө болот.

Чыгармачылык жөндөмдүүлүктүн проблемасын изилдөө бир нече жылдардан бери эле жүргүзүлүп келе жатат. Ал философиялык жактан материалдык жана рухий маданиятка ээ болуу аркылуу жөндөмдүүлүктөрдү калыптандыруу жана өнүктүрүү; психологиялык-педагогикалык жактан инсанды жана анын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн, билим берүү процессинде педагогикалык жагдайлардын инсанга таасир этүүсүнүн жолдорун жана каражаттарын аныктоо сыяктуу ар түрдүү аспектилерге ээ.


Ал эми педагогикалык энциклопедияда «*чыгармачылык* – адамдын иш-аракетиндеги активдүүлүктүн жана өз алдынчалыктын жогорку формасы. Бул – бир нерсени оригиналдуу өзгөртүү, өркүндөтүү, жаңыны киргизүү, жаратуу муктаждыгы» деп белгиленген [Педагогическая энциклопедия. – М., 1993. – Т.1 – 607 с.].

«*Чыгармачылык* – материянын өнүгүүсүнүн, жаңы формаларынын пайда болуусунун зарыл шарты, жаңы формалардын жаралышы менен чыгармачылыктын өзүнүн формалары да өзгөрөт, ал

эми адамдын чыгармачылыгы – андай формалардын бири гана» дегенди билдирет [Пономарев Я.А. Писхология творчества и педагогика. – М., 1976. – 280 с.].

Бул аныктамада «чыгармачылык» түшүнүгү «өнүгүү» түшүнүгү менен бирдей деп каралбайт, Я.А.Пономаревдун оюу боюнча «чыгармачылыктын жалпы критерийи өнүгүүнүн критерийи катары кызмат кылат».

Биздин изилдөөлөрүбүздүн негизги багытына инсандын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн негизги себептери катары инсандын ишмердүүлүк процессине активдүү катышуусун, шыктануусун жана өзүн-өзү өнүктүрүү боюнча иштерди аткаруусун кошууга болот. Өнүгүүнүн негизги себептери – бул инсандын социалдык өнүгүүсүнүн натыйжасында пайда болгон жеке психологиялык өзгөчөлүктөрүнө карата багытталган процесс экендигин белгилөө. Ал жаңы жана оригиналдуу, мурда болбогон түзүлүштү, чыгарманы жаратууга багытталат. Бул максатта 1.1-сүрөттө инсандын динамикалык түзүлүшүнүн негизги компоненттери көрсөтүлдү.




**1.1-сүрөт. Инсандын д түзүлүшүнүн негизги компоненттери.**

Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү проблемасы, изилдөөлөр көрсөткөндөй, инсандын ишмердүүлүгүнүн эки деңгээлин бөлүп көрсөтүүнү талап кылды.

- индивиддин табигый сапаты;
- чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүгө таасир

этүүчү психологиялык өзгөчөлүктөрү, б.а. психикалык сапаттар жана таанып-билүү процесси ж.б.

1.1-сүрөттө сунушталган структура инсанды теориялык планда таанып-билүүгө мүмкүндүк берүүчү бир катар белгилерге ээ болгону биз үчүн маанилүү: биринчиден, бул структура жалпы, себеби ал ар бир инсанга мүнөздүү; экинчиден, кыймылдуу (динамикалык), б.а. өнүгүү процессинде инсандын сапаттары өзгөрүшү мүмкүн экенин чагылдырат; үчүнчүдөн, функционалдуу, анткени, структуранын өзү бүтүндүк катары жана анын составдык элементтери, психологиялык функциялар катары каралат; төртүнчүдөн, бул структура психологиялык жана социалдык өңүттөн каралат, анткени, ал инсандын психологиялык касиеттерин жалпылап, анын социалдык ордун аныктайт.

Бул главада профилдик окутуунун өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен, окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө таасир тийгизүүчү шарттар чагылдырылган.

Профилдик окутуунун биринчи максаты келечекте кесип тандап алууга багытталган окутууну уюштуруу б.а. окуучунун кесиптик жактан өзүн-өзү калыптандыруусуна шарт түзүү. Экинчи максаты окутуунун жекече жана дифференцирлөө принцибине таянып профилдик окутуунун түрдүү формаларын уюштуруу. Кыргыз-түрк лицейлеринде белгилүү бир предметке өзгөчө жөндөмдүү окуучулар менен атайын консультациялар, сабактар уюштурулат жана олимпиадага катышуучу окуучулардын курамы менен жайкы мектептер иштейт. Мындан сырткары кыргыз-түрк лицейлеринин уставына ылайык ар бир үч айда окуучунун билим сапатына мониторинг жүргүзүлүп турат. Ал чейректик тестирлөө аркылуу ишке ашырылып, атайын сайтка киргизилет.

Окуу жылынын аягында окуучунун тандап алган профили боюнча жетишүүсү начар болсо, ата-энесинин макулдугу менен жакшы өздөштүргөн предметтерин эске алып, башка багыттагы профилдик класска которулат. Кыргыз-түрк лицейлеринде профилдик окутууну ишке ашырууда аныкталган шарттарды биз теориялык-методологиялык, психологиялык-педагогикалык жана уюштуруучулук-педагогикалык болуп үч топко бөлдүк.

Биздин изилдөөбүздө уюштуруучулук-педагогикалык шарттар негизги ролду ээледи. Себеби гуманитардык циклдегы (түрк, орус, англис тилдери, тарых ж.б.) предметтер боюнча билим берүүнүн мазмунунун жана окутуунун традициялык жана традициялык эмес формалары иликтенди. Бул предметтер боюнча класстык жана класстан сырткары иштер уюштурулду.

Изилдөөдө кыргыз-түрк лицейлер жалпы орто билим берүүнүн жогорку деңгээлине жараша профилдештирүү төмөндөгүлөрдүн негизинде жүргүзүлөрүн тактадык. Чет тилдери жана англис тилинде гуманитардык, физика-математикалык жана химия-биологиялык профилде бир катар предметтерди тереңдетип үйрөнүү, предметке ар тараптан кирүү уюштурулат. Окуучунун өзгөчөлүктөрүн жана суроо-талаптарын мүмкүн болушунча көбүрөөк эсепке алуу, мугалимдин чыгармачылык ишмердиги үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, лицейде жергиликтүү шарттарды, социомаданий чөйрөнү эсепке алуу, бир катар тектеш предметтердин мазмунун интеграциялоо аркылуу базалык билим берүүнүн потенциалын кеңейтүү жана өстүрүү жүзөгө ашырылат.

Мунун негизинде кыргыз-түрк лицейлерине кошумча билим берүү ыкмасы –окуучулардын өз алдынча өнүгүүсүнө, өзүн-өзү аныктоосуна, руханий, адептик өсүшүнө, маданий баалуулуктарга, өз элинин, дүйнө цивилизациясынын каада-салттарына аралашуусуна толук шарт түзүлөрү байкалууда.

Өзгөчө табигый-математикалык циклдеги предметтерди англис тилинде окуп-үйрөнүү, эрте профилдик багыт берүү, мугалимдердин жана ата-энелердин тыгыз кызматташтыгы, билим сапатынын, жөндөмдүүлүктөрдүн, кызыкчылыктардын мониторинги лицейдин бүтүрүүчүлөрүнө Кыргызстандын, Түркиянын, АКШнын, Россиянын жана башка өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларында окууга шарт түзүүдө. Ошону менен бирге информациялык технологияны пайдалануу окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, жалпы билим берүүнүн мазмунуна сырткы информацияны кошууга, аны системалуу түрдө предметтик билим, билгичтигинин калыптануусуна, ошону менен бирге өз алдынча ар кандай маалыматтарды издеп табууга, даярдоого, жөнөтүүгө шарт түзүүдө. Бул максатка жетишүү үчүн ар бир лицей тиешелүү материалдык-техникалык базалар менен камсыздалган.

Гуманитардык багыттагы предметтердин окутулушу толугу менен базистик окуу планына жооп берет жана мамлекеттик программалардын негизинде жүргүзүлөт. Окутууда Кыргызстанда, Россияда, Англияда, Түркияда басып чыгарылган дүйнөлүк эксперттер

жана практик мугалимдер тарабынан жогору баага татыктуу болгон окуу китептери жана башка окуу каражаттары колдонулат.

Лицейлердин китеп фондусу жыл сайын жаңы чыккан китептер менен толукталат жана бул жагынан айылдык мектептерден бир топ артыкчылыкка ээ. Жалпы мектептер камсыз болбогон, же министрлик чыгарбаган айрым китептер авторлорго же практик мугалимдерге конкурстук негизде сунуш кылынуу менен чыгарылат.

Информациялык технологияны пайдалануу окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, жалпы билим берүүнүн мазмунуна сырткы информацияны кошууга, аны системалуу түрдө предметтик билим, билгичтигинин калыптануусуна, ошону менен бирге шарт түзөт. Бул максатка жетишүү үчүн ар бир лицейде тиешелүү материалдык-техникалык база түзүлгөн. Лицейлер талапка ылайык окутуу жана демонстрациялоо каражаттары менен жабдылган. Мультимедиа борборлору түзүлгөн, чет тилдерин окутуу боюнча аудиомагнитофондор жетиштүү. Кыргыз тили жана орус тили кабинеттери телевизор, видеомагнитофондор менен жабдылган.

Бардык лицейлер дүйнөлүк Интернет байланыш тармагына кошулган. Физика, математика, биология, химия, англис тили сабактары боюнча программага ылайыктуу CD-ROM дисктер, видео-аудиокассеталар жетиштүү. Окутуунун мультимедиалык каражаттарын колдонуу менен мугалимдерибиз айрым предметтер боюнча өздөрүнүн автордук окутуу программаларын түзүшкөн.

Диссертациялык изилдөөнүн **«Жаңы типтеги мектептерде гуманитардык предметтерди окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн мазмуну»** деп аталган **экинчи главасында** мектептердеги билим берүүнүн педагогикалык теориядагы жана практикадагы абалы талдоодон өткөрүлдү.

Профессор Л.П.Мирошниченко мектептердин типтерин сунушталган критерийлердин негизинде: мектептин максатына, билим берүүчү программалардын мазмунуна, аны иш жүзүнө ашыруунун баскычтарына жана деңгээлдерине мүнөздөмө берген. Автор мектептерди төмөндөгүдөй типтерге ажыраткан: м*ектеп-гимназия, мектеп-лицей, мектеп-комплекс, автордук мектеп, мектеп-эксперименталдык аянтча, менчик мектеп, инновациялык мектептер* деп бөлүштүргөн. Инновациялык мектептер жаңы базалык баалуулуктарды иштеп чыгууга жана киргизүүгө киришип, өнүгүүнүн белгилүү бир концепцияларын жана программаларын түзүшүп, мектептин өз алдынча маданиятын калыптандырууга багыт алышты. Бул мектептерде мугалимдер жекече пландар жана программалар менен сабак беришип, традициялык мектептер үчүн мүнөздүү

болбогон атайын курстарды иштеп чыгышты. Окутуунун жана тарбиялоонун жаңы мазмунун кеңири сынактан өткөрүшүп, окуучулардын контингентин комплектилөөнүн, квалификациялуу тандоонун жаңы жолдорун жүзөгө ашыра башташты. Мунун натыйжасында бул лицейлер, гимназиялар ишмердиктин жаңы уюштуруучулук-башкаруучулук деңгээлине чыга башташты.

Жалпы орто билим берүү жаатындагы Кыргызстанда жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө топтолгон алдыңкы тажрыйбаларга таянуунун негизинде, түзүлүп жана иштеп жаткан эл аралык «Себат» билим берүү мекемесинин кыргыз-түрк лицейлери өз алдынча өнүгүү жолуна алгачкылардан болуп киришип, азыркы учурда бир катар ийгиликтерге жетишти. Ошондуктан, бул лицейлерди «инновациялык» деп атоого болот.

«Инновациялык мектеп» – деп жаңы педагогикалык идеяларды таап, аларды иштеп чыгып жана аны өз практикасына киргизе билген мектеп деп мүнөздөөгө болот.

Изилдөөнүн жүрүшүндө окуучулардын кайсы жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү зарылдыгы такталды. Изилдөөнүн негизги максаты чыгармачылык ишмердүүлүктүн жүрүшүндө окуучулар кандай жыйынтыктарга жетүүгө жөндөмдүү экенин талдоо болгондуктан, гуманитардык предметтерди жалпы билим берүүчү программалардын алкагынан сырткары каралып, аларды өздөштүрүүнүн жүрүшүндө педагогдор менен окуучулардын өз ара аракеттенүү процесси талдоого алынды. Мындан сырткары ал профилдик билим берүүдө гуманитардык предметтердин мазмунун өздөштүрүүнүн жыйынтыгына, педагогдор менен окуучулардын биргелешкен ишмердүүлүгүнө жана окуучулардын өз алдынча ишинин уюштурулушунан көз каранды экендиги аныкталды.

Окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн башкаруу процесси катары окуучулар менен педагогдун биргелешкен чыгармачылыгын карайбыз. Биргелешкен жана жекече ишмердүүлүктүн принциптерине ылайык чыгармачылык ишмердүүлүктүн бардык этаптарында окуучулардын өз алдынча өздөштүрүүсү акырындык менен жогорулайт. Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн жана педагогдун ишмердүүлүгүнүн мазмуну байланышта болот. Чыгармачылык ишмердүүлүк менен баарлашуунун ыкмаларына жана процедураларына жараша акырындап татаалданат.

Класстан класска көчүрүү экзамендерине даярдануу жана өткөрүү процессинде чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү процессинин маанилүү компоненттеринин бири болуп биргелешкен ишмердүүлүк эсептелет. Алардын ортосундагы өз ара байланыштар

окуу-чыгармачылык ишмердүүлүктү реалдуу чыгармачылык ишмердүүлүккө өзгөртүүгө шайкеш келет. Бул байланыш 1.2-сүрөттө берилген.

Класстан класска кµч‰р‰‰ экзамендерине даярдоонун максаты

Таанып-бил‰‰ ишмерд‰‰л‰г‰н‰н мотивациясы

Класстан класска кµч‰р‰‰ экзамендеринде берил‰‰ч‰ тапшырмалардын кµлµм‰н тактоо

Экзамендерге даярданууда окуу материалдарынын мазмунун µздµшт‰р‰‰

| **Мазмундук блок** | **Процессуалдык блок** | **Эмоционалдык-баалуулук блогу** |
|---|---|---|
| Билимдер<br>• маалыматтык<br>• методикалык<br>• баалоочу | Чыгармачылык ишмерд‰‰л‰кт‰н процедуралары | Карым-катнаштардын тажрыйбасы |
| Чыгармачылык ишмерд‰‰л‰к ыкмалары | Билим бер‰‰ мазмунун µздµшт‰р‰‰ процессин уюштуруунун формалары | Ишмерд‰‰л‰кт‰н ыкмалары жана эмоционалдык иштикт‰‰ иш-аракеттер |

Окуучулардын чыгармачылык жµндµмд‰‰л‰ктµр‰н‰н µн‰г‰‰с‰н‰н диагностикасы

**1.2-сүрөт. Окуучуларды интеллектуалдык-чыгармачылыкка даярдоо этабынын структурасы**

Биргелешкен чыгармачылык ишмердүүлүктү долбоорлоодо педагогикалык прогноздоо жана башкаруу функциясын аныктоо чоң мааниге ээ. Бул ишмердүүлүк чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү процессине тиешелүү болгон бардык этаптарды камтууга тийиш. Педагог окуучулардын чыгармачылыгын өзүнө гана тиешелүү болгон процесс катарында карап, чыгармачылык процессти өнөктөштүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоосу зарыл.. Психологиялык-педагогикалык эмгектерди анализдөөнүн жана педагогикалык эксперименттин жыйынтыктоочу этабынын маалыматтарын пайдалануу менен ишмердүүлүктүн мүнөзүн

баaалоонун негизинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн репродуктивдүү, имитациялоочу, конструктивдүү жана чыгармачылык деңгээлдерин бөлүп көрсөтүүгө болот.

**Репродуктивдүү деңгээл**. Интеллекттин өнүгүү деңгээли төмөн же орто болот. Окуучулар чыгармачылык ишмердүүлүктүн айрым гана ыкмаларын билишет, өз алдынчалыгы начар өнүгөт. Жаңы чыгармачылык тажрыйбаны жай өздөштүрүшөт, ишмердиктин түздөн-түз жыйынтыктарын гана көрө алышат. Рефлексияга болгон жөндөмдүүлүктөр калыптанган эмес, топтук иште «аткаруучу» позициясын ээлешет.

**Имитациялоочу деңгээл**. Интеллекттин өнүгүү деңгээли орто же ортодон жогору болот. Окуучулар себеп-натыйжалык байланыштарды аныктай алышат, маалыматты анализдөөгө жана баалоого жөндөмдүү болушат. Аларда иштин максатын коюу аракеттери байкалат, бирок ишмердүүлүк процессин уюштуруу жана аңдап-түшүнүү процессиндеги өздүк позициясы начар, ишмердүүлүктүн перспективаларын жана аны коррекциялоонун жолдорун көрө билүү жетишерлик деңгээлде калыптанган эмес. Топтук ишке эмоционалдык-иштиктүү негизде катышып, «аткаруучу» позициясында калышат, бирок топтун ишине практикалык салым кошушат.

**Конструктивдүү деңгээл**. Интеллекттин өнүгүү деңгээли ортодон жогору же жогорку деңгээлде. Окуучулар проблеманы көрө алышат, гипотезаны аныктай жана далилдей алышып, толук болбосо да изденүүчүлүк ишмердикке ээ болушат. Алар кошумча билимдерге, ишмердүүлүктүн ыкмаларына ээ болуусу жана туруктуу кызыгуусу менен айырмаланышат. Ишмердүүлүктү жүргүзүүдө окуучулардын өздүк позициялары байкалат, ишмердүүлүктү коррекциялоонун жолдору дайыма эле натыйжалуу боло бербейт. Окуучулар топтун ишине уюштуруучулук-практикалык салым кошушат, бирок лидерлик функцияны өз мойнуна алышпайт, «диалог» режиминде мамилелешүүсүнүн калыптанганы байкалат.

**Чыгармачылык деңгээл**. Окуучулар проблеманы көрө билишет, гипотезаны аныктай алышат, проблеманы чечүүнүн жолдорун белгилеп, корутундуларды жана жыйынтыктарды чыгара алышат. Зарыл болгон даражада билимдерге жана чыгармачылык ишмердүүлүктүн ыкмаларына ээ болушат. Мындай чыгармачылык ишмердүүлүктө активдүүлүк жана өз алдынчалык байкалат. Ишмердүүлүктүн максаты аныкталып, аны реализациялоонун жолдору такталат. Иштин перспективалары менен аны коррекциялоонун жолдору проблеманы чечүүнүн натыйжалуулугуна алып келет.

Башкалардын тажрыйбасын сын көз караш менен баалашат, ишмердиктин стандарттуу эмес ыкмаларын колдонушат.

Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүнүн өнүгүү динамикасынын негизги критерийи болуп алардын улам жогорку деңгээлге: репродуктивдүүдөн – имитациялоочу – конструктивдүү – чыгармачылык деңгээлдерге өтүшү эсептелет.

Диссертациялык иштин **«Профилдик окутуунун шартында окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн мазмуну жана технологиясы»** деп аталган **үчүнчү главасында** инновациялык мектептерде профилдик окутуунун шартында гуманитардык предметтерди окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн модели, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүнүн этаптары чагылдырылган. Изилдөөнүн жыйынтыктары инновациялык мектептердеги профилдик окутуунун шартында окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн моделин иштеп чыгууга шарт түздү. Бул моделдин максаты болуп чыгармачылык ишмердүүлүктү иш жүзүнө ашыруу үчүн зарыл болгон билимдерди этаптуу түрдө калыптандыруу, билгичтиктерди өнүктүрүү болуп эсептелет.

2007-жылдан баштап Бишкек шаарындагы Ч.Айтматов атындагы жана Айчүрөк атындагы кыргыз-түрк кыздар лицейлеринде, Ош шаарындагы, кыргыз-түрк «Себат»кыздар жана «Сема»лицейлеринде, №6, №18 гимназия-мектептеринде профилдик окутуу шартында гуманитардык предметтерди окутуу боюнча педагогикалык эксперимент жүргүзүлгөндөн тартып, мектептерде өткөрүлүп келген класстан класска көчүрүү экзамендеринин мазмуну, жыйынтыктары талданды. Алар профилдик багыттагы мектептин негизи максаттары менен милдеттерин ийгиликтүү ишке ашырууга шарт түздү. Педагогикалык экспериментти жүргүзүү учурунда эксперименталдык класстарга гуманитардык багытта адистештирилген класстардын окуучулары, көзөмөлдөөчү класстарга башка багыттагы профилдик класстардын окуучулары тандалып алынган. Иликтенүүчү класстар адегенде сапаттык жагынан да өз алдынча чыгармачылык ишмердүүлүктү ийгиликтүү ишке ашырууга жөндөмдүү окуучулар, сандык жагынан да эксперименталдык жана контролдук класстарда бирдей деңгээлде болду.

Чыгармачылык жөндөмдөмдүүлүктөрдүн өнүгүшү боюнча салыштырууну ишке ашыруу максатында, берилген класстардын иштөөсү үчүн максималдуу түрдөгү мүмкүн болгон бирдей шарттар жана материалдык-техникалык база түзүлгөн. Изилдөөнүн алгачкы этабынын максаты болуп чыгармачылык – тапшырмаларды аткарууда окуучулардын өз алдынча аракеттене билүүсүнүн калыптангандыгы,

б.а. ишмердүүлүктүн максатын аныктай алуусу, иш-аракеттин ыкмаларын тандай билүүсүн аныктоо болуп саналган.

Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсү боюнча маалыматтарды талдоо төмөнкү өзгөчөлүктөр боюнча жүргүзүлдү:

- окуучулардын чыгармачылык ишмердигинин натыйжалуулугун камсыз кылуучу интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүнүн жана интеллектинин структуралык өзгөчөлүктөрүнүн өнүгүшү;
- чыгармачылык ишмердүүлүктүн жүрүшүндө окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгү менен өз алдынчалыгынын байкалышы, өзүн-өзү башкаруу жана жөнгө салуу жөндөмдүүлүктөрүнүн калыптангандыгы;
- окуучулардын коммуникативдик-чыгармачылык жөндөмдүү-лүктөрүнүн өркүндөтүлүшү.

Профилдик окутуунун шартында окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү деңгээлдери боюнча үч окуу жылында текшерүү иштери жүргүзүлдү, анын жыйынтыктары 2.1-таблицада берилген.

2-этапта алынган жыйынтыктар көрсөткөндөй, профилдик класстардын окуучуларынын 48-76%ы изилдөө темасын тандоодо, 47-76%ы - план түзүүдө, 48-78%ы кошумча адабияттар менен иштөөдө, 40-76%ы изилдөөчүлүк ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын талдоодо кыйналышпайт. Албетте, мында чечүүчү ролду билгичтиктер менен көндүмдөрдүн калыптанышына өбөлгө түзгөн максаттуу түрдөгү уюштурулган методикалык иш-чаралар ойногон. Бул жерде байкалган айырманын болушун төмөндөгүдөй түшүндүрүүгө болот: саналып өткөн билгичтиктердин калыптанышынын 40-48% көрсөткүчүн окуучулардын негизги контингентин түзгөн орто деңгээлдеги жалпы билим берүүчү класстар көргөзүштү. Бир кыйла жогорку көрсөткүчтөр профилдик 11-класстарда байкалды - 76-78%, бул окуучулар эксперименттин биринчи этабында да катышкан. Бул болсо окууучуларга өзүнүн билгичтиктерин өнүктүрүүгө, алган билимдери менен тажрыйбаларын иш-аракетке киргизүүгө жардам берген. Жалпылаштырууга, салыштырууга, системалаштырууга жөндөмдүү экенин 46-70% окуучулар көрөсөтө алышты. Профилдик класстардын окуучулары мурда өздөштүргөн жоболорду проблеманы чечүүнүн жаңы кырдаалдарына колдоно аларын, ишмердүүлүк каражаттарынын системасын изденүүчүлүк кырдаалдын өзгөргөн структурасына ылайык оңой эле кайра кура алышарын далилдешти.

**Таблица 2.1 - Окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүнүн деңгээли**

| Чыгармачылык ишти аткаруунун µзгµчµл‰ктµр‰ | 2006-2007-жж. | | | | 2009-2010-жж. | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 9-п | 9-кл | 11-п | 11кл | 9-п | 9-кл | 11-п | 11-кл |
| 1. Кыйынчылык-тар:<br>- теманы жана изилдµµн‰н багы-тын тандоодо | 48% | 32% | 49% | 22% | 76% | 45% | 41% | 15% |
| - план т‰з‰‰дµ | 39% | 23% | 50% | 24% | 76% | 47% | 39% | 17% |
| - кошумча адабият-тар менен иштµµдµ | 52% | 35% | 48% | 22% | 47% | 30% | 40% | 18% |
| -изилдµµч‰л‰к ишмердиктин жыйынтыктарын талдоодо | 60% | 39% | 57% | 28% | 51% | 36% | 48% | 24% |
| 2. Иштин мазму-нунда:<br>а) ой ж‰г‰рт‰‰ амалдарынын µз алдынчалык деӊ-гээли:<br>- салыштырууда жана тектештир‰‰-дµ | 57% | 40% | 68% | 43% | 62% | 46% | 78% | 58% |
| - системалаштыруу жана жалпылаштырууда | 46% | 36% | 62% | 42% | 70% | 49% | 76% | 56% |
| - анализдµµдµ жана синтездµµдµ | 39% | 21% | 46% | 28% | 42% | 25% | 48% | 21% |
| б) µз позицияларын негиздей жана айта бил‰‰дµ | 38% | 26% | 49% | 33% | 42% | 29% | 58% | 43% |
| в) келечекти про-гноздоо жµндµм-д‰‰л‰г‰ | 28% | 15% | 32% | 18% | 29% | 15% | 34% | 19% |

Демек, окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча системалуу иштердин натыйжасында негизги интеллектуалдык билгичтиктердин калыптаныш деңгээлинин көрсөткүчтөрү 15-20%га жогорулаган. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган маалыматтар көрсөткөндөй, окуучулардын 60-68%ында

башкалардын чыгармачылык тажрыйбасын өздөштүрүүсү жана өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүнө карата адаптациялануу бир кыйла төмөнкү деңгээлде, талкууларды жүргүзүүдө белгилүү болгондой эксперименталдык класстарда эмоционалдык-иштиктүү жөндөмдүүлүктөр начар өнүккөн. Окуучулардын көпчүлүгү берилген идеяларды мотивдештирүүгө, класска тапшырылган ишти уюштурууга жөндөмдүү эмес. Изилдөөгө тартылгандардын бир аз гана бөлүгү (6-13%) конфликттүү кырдаалдарды натыйжалуу чечип, өзүнө лидерлик функцияны ала алышат.

Изилдөө учурунда кыргыз-түрк лицейлеринде билим алуунун төмөндөгүдөй формаларынын: окуучулардын кызыгуусун, сынчыл ойломунун, чыгармачылыкка шыктуулугунун жана өз алдынчалуулугунун өнүгүшүнө тийгизген таасирлери иликтенди.

- *Топтук изилдөө*. Коюлган проблеманы жамаат менен, же топтун башка мүчөлөрүнүн жардамы менен изилдеп чыгышат.

- *Эркин изилдөө*. Мында окуучу өзү жетишпеген теманын үстүндө өз алдынча изилдөө жүргүзөт.

- *Жекече изилдөө*. Бул изилдөөдө окуучу өзү каалаган бир долбоорду тандап алып, ошол теманын үстүндө иш жүргүзөт. Ал чыгармачылык аракет бир нече жылга созулушу мүмкүн.

Бул багыттарга ылайык бардык программалык материалдарга тиешелүү, жогорку окуу жайларына даярдык берүүчү, тандоо жана кесип боюнча уюштурулган сабактардын түрлөрү колдонулууда.

Гуманитардык предметтерди (кыргыз тили, түрк тили жана адабияты) окутууда стилистикасын түшүнүү, адабият таануу менен окутуу методикасын оптималдуу интеграциялоо, талдоонун проблемалуу, интерактивдүү, сынчыл ойлом жана башка жаңычыл мүмкүнчүлүктөрүн айкалыштыруу, ошондой эле, мугалим менен окуучунун көркөм чыгарманы талдоодогу иш-аракеттеринин жаңы технологияларын калыптандыруу ж.б. маселелери каралды.

Окулган чыгарманы анализдөөдө мугалим менен окуучулардын ишмердүүлүгүндө изилдөөчүлүк, кайра түзүүчүлүк, уюштуруучулук жана пикир алышуучулук ыкмаларын байкоого болот.

Тарых сабагын окутууда ар бир сабакта окулуп жаткан тарыхый окуяны, фактыны, же маалыматты талдоодо мугалим окуучулардын конструктивдүү кабыл алуусун өнүктүрүү үчүн төмөндөгүдөй критерийлерди пайдаланышты:

- Окуу материалдарын тандоо жана окуучулардын кабыл алуусуна ылайыктап түзүп чыгуу. Бул конструктивдүү – мазмундук компонентти уюштурат;
  - Сабактагы окуучу менен мугалимдин чыгармачылык иш-

аракетинин структурасын пландаштыруу. Бул критерийдин иш-аракети конструктивдүү-оперативдүү компонентти камсыз кылат;

- Чыгармачылык менен окутуу үчүн материалдык базаны долборлоо. Бул критерий сабактын уюштурулушунда, жүрүшүндө конструктивдүү-материалдык компонентти иштеп чыгат да, окуучунун кабыл алуусуна өбөлгө түзө алган технологиялык базаны, ар кандай каражаттарды, көрсөтмө куралдарды ж.б. колдонууга шарт түзөт.

Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктоочу этабында гуманитардык предметтерди окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн сандык жана сапаттык жыйынтыктары төмөндөгү формула аркылуу аныкталды.

$К_{орт}=(n/N)*100\%$

Бул жерде $К_{орт}$ – билимдерди өздөштүрүүнүн орточо коэффиценти;

N – жалпы берилген тапшырмалардын саны;

n – туура аткарылган тапшырмалардын саны.

Педагогикалык эксперименттен кийинки текшерүү иштериндеги тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыктары 2.2-таблицада берилген.

**Таблица 2.2. Окуучулардын чыгармачылык билим деңгээлдеринин жыйынтыгы (% менен)**

| Билимдерди текшерүүнүн формалары | 1-деңгээл | | 2-деңгээл | | 3-деңгээл | | 4-деңгээл | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | КК | ЭК | КК | ЭК | КК | ЭК | КК | ЭК |
| Оозеки суроо-жооп | 22,6 | 10 | 20,3 | 29,3 | 44,4 | 43,7 | 12,7 | 17 |
| Тест түрүндөгү тапшырмалар | 24 | 5 | 23 | 32 | 45 | 48 | 8 | 15 |
| Жазуу жүзүндөгү тапшырмалар | 24 | 8 | 21 | 30 | 45 | 47 | 10 | 15 |

**Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана сунуштар**

- Гуманитардык предметтерди окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө инновациялык иштердин предметтик билим берүүгө жана практикалык ишмердүүлүктөрдү өнүктүрүүгө тийгизген таасири жана учурдагы абалы аныкталды.

- Изилдөөдө жаңы типтеги мектептерде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсүнө ыңгайлуу шарт түзүүчү чөйрөнүн абалы такталды. Ошондой эле, бул мектептерде окуган окуучуларда төмөндөгүдөй сапаттардын өнүгүшү байкалды: изилдөөчүлүк, демилгелүүчүлүк, өз алдынчалык, тез жана эркин ой жүгүртүү, өз ара жардамдашуу жана кызматташуу;
- Педагогикалык шарттардын комплекси аныкталды: окуучулар менен педагогдорду баланын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багыт алган биргелешкен чыгармачылык ишмердүүлүккө тартуу; чыгармачылык ишмердүүлүктүн жүрүшүндө чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү процессин башкаруу; окутуу жана тарбиялоонун активдүү каражаттарын, формаларын жана усулдарын пайдалануу; профилдик окутуу шарттарында окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн критерийлерин иштеп чыгуу; балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө шарт түзүүчү мектеп менен үй-бүлөнүн биргелешкен иш чараларын жүргүзүү.
- Изилдөөнүн жыйынтыгы катарында окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча илимий жактан негизделген методикалык көрсөтмө-сунуштар эсептелет, алар билим берүү мекмелеринде эмгектенген педагогдорго аталган процессти уюштуруунун ыкмалары менен каражаттарын натыйжалуу иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк бере алат.
- Профилдик окутуу шартында окуучулардын гуманитардык билимдерин өркүндөтүү жана практикалык тапшырмаларды аткаруу көндүмдөрү окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө таасир бере тургандыгы илимий негизде далилденди.
- Изилдөө ишин улантуу төмөнкү багыттарда жүргүзүлсө максатка ылайыктуу болот:

- проблемалык окутуунун шартында окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн технологиясын жана каражаттарын аныктоо;
- орто мектепте окутулган предметтер үчүн окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган жаңы маалымат технологияларын окуу процессинде пайдалануу.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөндөгү илимий эмгектерде жарыяланган**:

1. **Шентүрк, С.** Развитие творческих способностей учащихся в условиях профильного обучения [Текст] / Д.Б.Бабаев, С.Шентүрк //

Вестник КГНУ. Материалы международной научной конференции. – Тегеран-Бишкек, 2008. – С. 554-559.

2. **Шентүрк, С.** Проблемы развития творческих способностей учащихся в инновационных школах [Текст] / С.Шентүрк // Наука и новые технологии. – 2008. – № 4. – С. 100-103.

3. **Шентүрк, С.** Повышение творческих способностей учащихся в процессе обучения в школе [Текст] / С.Шентүрк // Вестник Кыргызского национального университета им.Ж.Баласагына. – 2008. – Вып. 1. – С. 309-311.

4. **Шентүрк, С.** Педагогикалык диагностиканы ишке ашыруу менен окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн аныктоо [Текст] / С.Шентүрк // Наука и новые технологии. – 2008 – №10-11. – С. 99-101.

5. **Шентүрк, С.** Профилдик билим берүү шартында окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү [Текст] / С.Шентүрк // Наука и новые технологии. – 2008. – №10-11. – С.129-130.

6. **Шентүрк, С.** Таланттуу балдарды тарбиялоодогу мектептин ролу [Текст] / С.Шентүрк, Ж.Айтышева // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. Серия 1. – 2008. – Вып. 1. – №1. – 266-268-б.

7. **Шентүрк, С.** Формирования учебной деятельности учащихся в инновационных школах [Текст]: учебное пособие. / О.Ф.Сөзжу, С.Шентүрк. – Бишкек, 2009. – С. 96.

8. **Шентүрк, С.** Балдарды тарбиялоодогу мектептин ролу [Текст] / С.Шентүрк, Ж.Айтышева // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. Серия 1. – 2009. – Вып. 1. – №2. – 114-116-б.

9. **Шентүрк, С.** Управление педагогическим процессом развития творческих способностей учащихся [Текст] / Д.Б.Бабаев, С.Шентүрк // Известия Кыргызской академии образования. – 2010 – №2. – С. 45-49.

10. **Шентүрк, С.** Основные компоненты развития творческих способностей учащихся [Текст] / С.Шентүрк // Известия Кыргызской академии образования. – 2010. – №2. – С.49-52.

11. **Шентүрк, С.** Применение инновационных технологий в процессе изучения истории [Текст] / Д.Б.Бабаев, С.Шентүрк // Известия ВУЗов. – 2010. – №4. – С. 262-264.

12. **Шентүрк, С.** Проблемы развития творческих способностей учащихся в усовиях профильного обучения [Текст] / С.Шентүрк // Вестник КазНУ. Серия 1. Пед. науки. – Алматы, 2010. – № 1/1 (25). – С. 53-56.

Шент‰рк Сулеймандын **«Инновациялык мектептерде окуучулардын чыгармачылык жµндµмд‰‰л‰ктµр‰н µн‰кт‰р‰‰»** аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим бер‰‰н‰н тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу ‰ч‰н жазылган диссертациясына

## РЕЗЮМЕ

**Т‰й‰нд‰‰ сµздµр:** инновациялык мектеп, чыгармачылык жµндµмд‰‰л‰к, µн‰кт‰р‰‰ технологиясы, профилдик окутуу, педагогикалык шарт, кµч‰р‰‰ экзамени, практикалык тапшырмалар.

**Изилдµµн‰н максаты жана милдеттери:** инновациялык мектептерде гуманитардык предметтерди окутууда окуучулардын чыгармачыл жµндµмд‰‰л‰ктµр‰н µн‰кт‰р‰‰ технологиясын иштеп чыгуу жана аларды иш ж‰з‰нµ ашыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо, алардын натыйжаларын мектеп практикасына киргиз‰‰ болуп, бул максатты ишке ашыруу ‰ч‰н тµмµнк‰дµй **милдеттер** коюлат:

- инновациялык мектептерде окуучулардын чыгармачылык жµндµмд‰‰л‰ктµр‰н µн‰кт‰р‰‰н‰н учурдагы абалын талдоо;
- гуманитардык предметтерди окутууда окуучулардын чыгармачылык жµндµмд‰‰л‰ктµр‰н µн‰кт‰р‰‰н‰н педагогикалык шарттарын жана методикалык каражаттарын аныктоо;
- окуучулардын чыгармачылык жµндµмд‰‰л‰ктµр‰н µн‰кт‰р‰‰н‰н мазмунун, критерийлерин жана деңгээлдерин тактоо;
- иштелип чыккан технологиянын, методикалык сунуштардын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшер‰‰ жана жыйынтыктоо.
- **Изилдµµн‰н илимий жаңылыгы:**
- - окуучулардын чыгармачылык жµндµмд‰‰л‰ктµр‰н µн‰кт‰р‰‰н‰н мазмуну мыйзам ченемд‰‰л‰ктµр‰, аларды уюштуруудагы кемчиликтердин м‰нµз‰, себептери аныкталды;
- - инновациялык мектептерде гуманитардык предметтерди окутууда окуучулардын чыгармачылык жµндµмд‰‰л‰ктµр‰н µн‰кт‰р‰‰ процессин камсыз кылуучу педагогикалык шарттар иштелип чыгылды;
- - инсанга багытталган мамилелерге негизделген окуучулардын чыгармачылык жµндµмд‰‰л‰ктµр‰н µн‰кт‰р‰‰н‰н деңгээлдери аныкталды;
- - окуучу менен ‰й-б‰лµ м‰ч‰лµр‰н‰н µз ара мамилесинин микроклиматы, кесипке багытталган жана анын социалдык суроо-талаптарга шайкеш келген принциптерге негизделген окуу-тарбия процессин уюштуруунун формалары, каражаттары иштелип чыгылды жана эксперименталдык жол менен текшерилди.
- **Изилдµµдµн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** инновациялык мектептерде окуучулардын чыгармачылык жµндµмд‰‰л‰ктµр‰н µн‰кт‰р‰‰дµ сунушталган педагогикалык каражаттарды, автор тарабынан иштелип чыгылган программага тиешел‰‰ кошумча материалдарды, окуучулардын чыгармачылык жµндµмд‰‰л‰ктµр‰н µн‰кт‰р‰‰ боюнча методикалык сунуштарды жалпы билим бер‰‰ч‰ мектептердин, гимназиялардын жана лицейлердин окуу-тарбия процессинде пайдаланууга болот. Изилдµµн‰н материалдарын педагогикалык ЖОЖдордун студенттери ‰ч‰н атайын курстарды иштеп чыгууда, педагогдордун квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо курстарын уюштурууда, мектепте жана ‰й-б‰лµдµ кесипке багыт бер‰‰ практикасында колдонууга жардам берет.

## Резюме

на диссертационное исследование Шентурк Сулеймана на тему: «Развитие творческих способностей учащихся в инновационных школах» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01-общая педагогика, история педагогики и образования.

**Ключевые слова:** инновационная школа, творческая способность, технология развития, педагогическое условие, профильное обучение, переводной экзамен, творческие задания.

**Цели и задачи исследования**: разработка технологии развития в инновационных школах творческих способностей учащихся при обучении гуманитарным предметам и определение педагогических условий их реализации, а также их использование в школьной практике. В связи с этим определены *следующие задачи:*


- анализ современного состояния и развития творческих способностей учащихся в инновационных школах;
- определение педагогических условий и дидактических средств обучения при развитии творческих способностей учащихся по гуманитарным предметам;
- определение содержания, уровней и критериев развития творческих способностей учащихся;
- проведение педагогического эксперимента и проверка разработанной технологии и методических рекомендации.

**Научная новизна исследования:**

- определено понятие сущности развития творческих способностей учащихся и закономерности;
- разработаны педагогические условия обеспечивающие развитие у учащихся творческих способностей в процессе обучения гуманитарным предметам в инновационных школах;
- определены уровни развития способностей учащихся на основе личностно-ориентированого обучения;
- разработан профессионально-направленный микроклимат личностных отношений между учителем и учащимися, определены формы организации учебно-воспитательного процесса основанные на современных требованиях.

**Практическое значение результатов исследования:**

Определены педагогические условия, дополнительные материалы и методические рекомендации, которые могут быть использованы в средних школах, в гимназиях, лицеях, в инновационных школах с целью развития творческих способностей учащихся. Результаты исследования и разработанные автором материалы могут быть использованы в составлении специальных курсов для педагогических специальностей, а также в организации курсов повышения квалификации, переподготовке учителей и в школах.



## RESUME


Shenturk Suleiman "The development of the pupils' creative faculties at innovational schools". The thesis is submitted to confer the Academic Degree of Candidate of Pedagogic. Specialty13.00.01 – the general pedagogics, the history of pedagogics and education

**Key words:** innovational school, creative faculty, development technology, profile teaching, complex of pedagogical condition, transferring exam, practical tasks.

**The object of the thesis:** humanities teaching process at innovational schools.

**The research subject:** the development of pupils' creative faculties in the process of teaching humanities at innovational schools.

**The aim of the thesis:** elaboration of technologies on the development of pupils' creative faculties in teaching of humanities, the defining of pedagogical conditions, their usage in practical teaching.

**The thesis methods** are the theoretical analysis of philosophical, psychological-pedagogical literature, the study of a real formed experience through the observation, keeping questionnaires, tests, talks, the analysis of own experience with pupils, the theoretical and methodical interpretation of pedagogical experiment.

**The scientific novelty of the research** encloses the following aspects:

- the content of pupils' creative faculty development and the personality structure have been exposed;
- the criteria, indices and levels of pupils' creative faculties development have been defined; the model of forming pupils' creative faculty at innovational schools has been constructed;
- the effective forms and methods of pupils' creative faculty development at innovational schools have been elicited and checked through the experiments;
- the complex of pedagogical conditions ensuring the effect of process of pupils' creative faculty development at innovational schools has been worked out and approved.

**The practical value of the research** is the pupils' creative faculties development, the worked out author's programme, the diagnostic material, the methodical recommendations on the pupils' creative activity development at innovational schools may be used in teaching and educational process.

Басуугa 30.12.2011-ж. кол коюлду.
Форматы 60x84  1/16
Кјлјмі 1,7 б.т.
Офсеттик кагаз
Нускасы: 70

---

«Maxprint» басмаканасы,
Бишкек шаары, Курманжан Датка кјчјсі 207